**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Хусеин Буркуткалиевич Буркуткалиевдин кызыкчылыгын көздөгөн Акынбек Кубатбекович Ногоевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 25-мартындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 15-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, Л.Ч. Жолдошева, Б.А. Кыдыралиева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Н.Ж. Жанышбекованын катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Хусеин Буркуткалиевич Буркуткалиевдин кызыкчылыгын көздөгөн Акынбек Кубатбекович Ногоевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 25-мартындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Х.Б. Буркуталиевдин кызыкчылыгын көздөгөн А.К. Ногоевдин өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп, судья Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2026-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Х.Б. Буркуталиевдин кызыкчылыгын көздөгөн А.К. Ногоевдин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-мартындагы № 152 «Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңгизат каражаттары, психотроптук заттар, алардын аналогдору жана прекурсорлору жөнүндө» токтомунун «Баңги каражаттарынын, психотроптук заттардын жана алардын аналогдорунун өлчөмдөрүн аныктоо критерийлери жана алардын өлчөмдөрү» (мындан ары – Критерийлер) деген 3-тиркемесинин жоболорун, тактап айтканда, түрдүү заттардын жыйынды пайызы 100% – 3000% – 3000%дан жогору пайыздык шкала аркылуу эсептөөнү, ошондой эле препараттардын айрым түрлөрү боюнча контролдонуучу заттын өлчөмүн жана экстракцияланууучу заттын массасын аныктоо зарылдыгынан бошотууну караган эскертүүлөрдүн жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1, 2, 5-бөлүктөрүнө, 29-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1–5-бөлүктөрүнө, 57-беренесинин 1–4-бөлүктөрүнө, 59-беренесинин 1, 3, 4-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө жана 100-беренесинин 4, 5-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө Х. өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн көрүнүп тургандай, арыз ээси талашылып жаткан жоболор жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык жоболорго карама-каршы келет, анткени алар контролдонуучу заттын объективдүү сандык мүнөздөмөлөрүн

белгилебестен адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартууга жол берет, кылмыш-жаза мыйзамын өзүм билемдик менен колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт, укуктук аныктык, күнөөсүздүк презумпциясы, жоопкерчиликти жекелештирүү жана жазанын өлчөмдөштүгү принциптерин бузат деп эсептейт.

Өз жүйөлөрүн негиздөөдө арыз ээси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-мартындагы № 152 токтому менен, мурда күчүндө болгон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 9-ноябрындагы № 543 токтомунда жок болгон, жосундарды кылмыш-жаза-укуктук баалоонун жаңы критерийлери киргизилгендигине көрсөткөн. Талашылып жаткан ченемдер тергөө органдарынын жана соттун контролдонуучу заттын массасын же концентрациясын аныктоо милдетин иш жүзүндө жокко чыгарат, бул жосунду квалификациялоого жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин көлөмүнө таасирин тийгизет. Мындай өзгөртүүлөр мыйзам менен эмес, мыйзам алдындагы ченемдик укуктук акт менен киргизилген, бул арыз ээсинин пикири боюнча Конституциянын үстөмдүгү принцибин, укуктук аныктуулуктун талаптарын жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жаңы негиздерин мыйзам алдындагы жөнгө салуу аркылуу киргизүүгө жол берилбестигин бекемдеген Конституциянын 6, 56-беренелерине карама-каршы келет.

Атап айтканда, арыз ээси ар түрдүү заттардын жыйынды өлчөмүн аныктоо үчүн «пайыздык шкаланы» колдонуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинин объективдүү критерийлерин белгилөөгө мүмкүндүк бербей турганын жана баңгизаттык таасир берүүгө жөндөмдүү психоактивдүү заттын далилденген саны жок болгон учурда да жоопкерчиликке тартууга мүмкүнчүлүк түзөрүн көрсөткөн. Талашылып жаткан ченемдерде жол берилген тергөө органдарын жана сотторду контролдонуучу заттын массасын же концентрациясын аныктоо милдетинен бошотуу жосундун коомдук кооптуулук даражасын ишенимдүү

аныктоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат, бул өз кезегинде кылмыш-жаза жоопкерчилигин жана жазаны жекелештирүүгө тоскоолдук кылат. Ушуга байланыштуу кайрылуунун субъекти талашылып жаткан жоболордун адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону кепилдеген, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү актыларды кабыл алууга тыюу салган Конституциянын 55, 56-беренелерине карама-каршы келерин белгилеген.

Өтүнүчтө талашылып жаткан укуктук жөнгө салуу препараттын курамындагы активдүү компоненттин өлчөмүн аныктабастан, заттын из түрүндөгү же микроскопиялык көлөмү табылган фактынын негизинде гана адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартууга жол берери өзүнчө баса белгиленген. Арыз ээсинин пикири боюнча, бул заттын анча-мынча издери болгон учурда да, баңгизат каражаттарынын олуттуу партияларын сактоо же сатуу үчүн да бирдей кылмыш-жаза жоопкерчилиги келип чыгышы мүмкүн болгон жагдайды түзөт, муну менен жазанын өлчөмдөштүгү жана адилеттүүлүк принциптери бузулат.

Мындан тышкары, ары ээси эскертүүлөрдүн жоболору баңгизат каражаттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүн негизсиз кеңейтүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт деп эсептейт, анткени активдүү заттын концентрациясын аныктоо зарылдыгынын жоктугу аралашманын көлөмүн кылмыш-жаза-укуктук квалификацияны өзгөртпөстөн жасалма түрдө көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Арыз ээси ошондой эле талашылып жаткан жоболор Конституциянын 57, 61-беренелеринде бекемделген күнөөсүздүк презумпциясынын жана соттук коргоого болгон укуктун конституциялык кепилдиктерин бузат деп эсептейт. Анын пикири боюнча, заттын санын жана концентрациясын аныктоо зарылдыгын жокко чыгаруу айыпталуучуну кылмыш курамынын объективдүү жагын талашуу мүмкүнчүлүгүнөн, ал эми сотту айыптоонун негиздүүлүгүнө

толук баалуу соттук контролду жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн иш жүзүндө ажыратат. Мындай укуктук жөнгө салуу далилдөө түйшүгүн айыпталуучуга оодарат, анткени адам кылмыш курамынын бар экендигин өз алдынча төгүндөөгө аргасыз болот, бул күнөөнү далилдөө милдети айыптоо тарабына жүктөлөрүн караган күнөөсүздүк презумпциясы принцибине карама-каршы келет.

Кайрылуунун материалдарынан көрүнүп тургандай, өтүнүч берүүгө психотроптук заттарды сатууга байланышкан эпизоддор боюнча күнөөлүү деп табылган Х.Б. Буркуткалиевге карата кылмыш ишинин каралышы себеп болгон. Өтүнүчтө иш боюнча соттук-химиялык экспертизалар жүргүзүлүп, алар мындай заттардын (alpha-PVP жана 4-CMC (хлорметкатинон, клефедрон)) бар экендигин аныктагандыгы, бирок талашылып жаткан жоболордун колдонулушуна байланыштуу кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө таасир этүүчү заттын саны аныкталбагандыгы көрсөтүлгөн. Арыз ээсинин  пикири боюнча, заттын массасын аныктоо жөнүндө талаптын жоктугу жосунду квалификациялоого жана арыз ээсинин  кылмыш-жаза жоопкерчилигинин көлөмүнө таасир эткен.

Ошондой эле, арыз ээси өз кайрылуусунда талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун Кыргыз Республикасынын Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттан, БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынан, ошондой эле БУУнун баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды контролдоо жөнүндө эл аралык конвенцияларынан келип чыгуучу эл аралык милдеттенмелерине ылайык келбестигине да шилтеме кылган. А.К. Ногоевдин пикири боюнча, эл аралык стандарттар заттын аралашмасынын жалпы массасын эмес, активдүү заттын таза массасын эске алууну талап кылат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде арыз ээси ар түрдүү заттардын жыйынды өлчөмүн пайыздык шкала аркылуу аныктоого жол берген, ошондой

эле контролдонуучу заттын санын жана экстракцияланууч заттын массасын аныктоо милдетинен бошоткон бөлүгүндө талашылып жаткан ченемдерди конституциялык эмес деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 25-мартындагы аныктамасы менен Х.Б. Буркуткалиевдин кызыкчылыгын көздөгөн А.К. Ногоевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясы өз аныктамасында баңгизат каражаттарынын жана психотроптук заттардын жүгүртүлүшүн атайын жөнгө салуу алардын адамдын өмүрү жана ден соолугу үчүн жогорулатылган коркунучтуулугу, ошондой эле коомдук коопсуздукту камсыз кылуу зарылдыгы менен шартталганын белгилеген. Укуктук жөнгө салууга карата мындай мамиле Кыргыз Республикасынын Баңгизат каражаттары жөнүндө 1961-жылдагы Бирдиктүү конвенциядан, Психотроптук заттар жөнүндө 1971-жылдагы конвенциядан жана Баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жөнүндө БУУнун 1988-жылдагы конвенциясынан келип чыгуучу эл аралык-укуктук милдеттенмелерине шайкеш келет. Эл аралык-укуктук актылар контролдоо чараларын таза заттарга гана эмес, аларды камтыган аралашмаларга жана препараттарга да жайылтат, ошондой эле мамлекеттерге калктын ден соолугун жана бакубаттуулугун сактоо үчүн зарыл болгон кыйла катаал контролдоо чараларын кабыл алууга жол берет.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы «Баңгизат каражаттары, психотроптук заттар, алардын аналогдору жана прекурсорлору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282, 284-беренелерине эскертүүлөр жосундарды квалификациялоо үчүн мааниге ээ болгон контролдонуучу заттардын тизмектерин жана алардын өлчөмдөрүн аныктоо критерийлерин бекитүү

боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укугун түздөн-түз карай турганын көрсөткөн. Демек, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-мартындагы № 152 токтому мыйзамдык жөнгө салууну аткаруу үчүн жана берилген ыйгарым укуктардын чегинде кабыл алынган.

Мында судьялар коллегиясы конституциялык контролдоо органынын чечимдеринде баяндалган укуктук позицияларына шилтеме кылып, мыйзам алдындагы ченемдик жөнгө салууга ал мыйзамды ишке ашырууга багытталган жана мыйзамда каралбаган укуктарды жана эркиндиктерди өз алдынча чектөөлөрдү киргизбеген өлчөмдө гана жол берилерин баса белгилеген. Каралып жаткан учурда талашылып жаткан жоболор баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү чөйрөсүндө натыйжалуу мамлекеттик контролду камсыз кылууга, ошондой эле алардын таралышына байланыштуу орун алган социалдык жана медициналык тобокелдиктерге адекваттуу чара көрүүгө жөндөмдүү туруктуу жана алдын ала болжолдонгон укуктук режимди түзүүгө багытталган деп баа берилген.

Жогоруда баяндалгандарга таянып, судьялар коллегиясы Критерийлердин талашылып жаткан жоболору өзүм билемдик мүнөздөгү же укуктук аныксыздыкты жаратуучу жоболор катары каралышы мүмкүн эмес деген тыянакка келген.

А.К. Ногоев судьялар коллегиясынын аныктамасына макул болбой, 2026-жылдын 13-апрелинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Өз даттануусунда арыз ээси судьялар коллегиясынын аныктамасы, анын пикири боюнча, негизсиз экенин, анткени ал анын кайрылуусундагы жүйөлөрдүн маңызын туура эмес түшүнүүнүн, укуктук аныктуулук принцибин туура эмес колдонуунун натыйжасында, ошондой эле кайрылууну өндүрүшкө

кабыл алуу жөнүндө маселени чечүү стадиясын ишти маңызы боюнча карoo менен иш жүзүндө алмаштыруу аркылуу чыгарылганын көрсөтөт, себеби судьялар коллегиясы кайрылуунун жол берилүүчүлүгүнүн формалдуу шарттарынын жана конституциялык-укуктук маселенин бар экендигин текшерүүнүн ордуна талашылып жаткан жоболордун конституциялуулугуна иш жүзүндө баа берген.

Арыз ээси судьялар коллегиясы кайрылууда коюлган маселелерге тийиштүү укуктук баа бербестен, укуктук аныксыздыктын жоктугу жөнүндө декларативдүү тыянак менен гана чектелген деп эсептейт. Анын пикири боюнча, көрсөтүлгөн маселелерге жооптордун жоктугу укуктук аныксыздыктын жоктугун эмес, тескерисинче, ченемди ар башкача түшүнүү жана аны өзүм билемдик менен колдонуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин ырастайт. Мында арыз ээси укуктук аныктуулук принциби укуктук ченемдердин тактыгын, дааналыгын, бир маанилүүлүгүн жана бирдей түшүнүлүшүн болжолдойт деген конституциялык контролдоо органынын укуктук позицияларына шилтеме кылат.

А. Ногоев ошондой эле кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптарына формалдуу түрдө ылайык келбестиги жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянагын негизсиз деп эсептейт. Анын пикири боюнча, аныктамада кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата кайсы конкреттүү талаптар бузулганы жана бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алууга кандайча тоскоолдук кылганы көрсөтүлгөн эмес.

Даттануунун автору талашылып жаткан ченемдин укуктук аныксыздыгын көрсөткөн, түшүнүктүү жана жүйөлүү деп эсептеген баштапкы кайрылууда баяндалган жүйөлөрдү кайталап келтирет.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен А. Ногоев даттанылып жаткан судьялар коллегиясынын аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн, даттанылып жаткан судьялар коллегиясынын аныктамасынын мазмунун жана берилген материалдарды талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө маселени чечүү стадиясы өз алдынча конституциялык-процесстик мааниге ээ. Бул стадияда Конституциялык сот ишти кийинчерээк маңызы боюнча кароону алмаштырбайт, бирок кайрылууда талашылып жаткан ченемдик жөнгө салуунун Конституцияга ылайык келүүсүн объективдүү түрдө күмөн санаткан, ошондуктан конституциялык контролду жүзөгө ашырууну талап кылган конституциялык-укуктук маселе камтылганбы-камтылган эмеспи аныктоого милдеттүү.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык кайрылуу анын формасына, мазмунуна, субъекттик курамына жана берүү тартибине коюлган талаптарга жооп берүүгө тийиш. Бул талаптар жөн гана формалдуулук болуп саналбайт: алар конституциялык сот өндүрүшүн адам ченемдик жөнгө салууга же аны конкреттүү иште колдонууга макул болбогон ар бир учурда эмес, кайрылуудан ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу жөнүндө маселеде реалдуу аныксыздык бар экендиги келип чыкканда гана демилгелөөгө багытталган.

Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 8 жана 9-пункттары арыз ээси өзүнүн укуктук позициясын баяндоого жана Конституциянын жоболору менен системалуу байланышта дал талашылып жаткан жөнгө салуунун конституциялуулугуна күмөн бар экендигин көрсөткөн

негиздемени келтирүүгө тийиш экендигин болжолдойт. Бул талап ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясынан жана конституциялык юстициянын фактылык жагдайларды, эксперттик корутундулардын тууралыгын же жеке укук колдонуу чечимдеринин мыйзамдуулугун кайра кароонун эмес, ченемдик мазмунду текшерүүнүн каражаты катары арналуусунан келип чыгат.

Конституциялык-укуктук аныксыздык ченемдин мазмунунан же анын колдонуудагы укук тутумундагы ордунан анын Конституцияга ылайык келүүсүнө карата объективдүү аныкталуучу күмөн көрүнгөндө: укуктук жөнгө салуунун чектери анык эмес болгондо, ченемдин өзүн ар башкача түшүнүү мүмкүнчүлүгү болгондо, анын ченемдик мазмунунун түздөн-түз натыйжасында конституциялык укуктарды өзүм билемдик менен чектөө тобокелдиги жаралганда орун алат. Тескерисинче, ченемди туура эмес колдонуу, далилдөөнүн толук эместиги, жосунду туура эмес квалификациялоо, эксперттик изилдөөнүн жетишсиздиги же мыйзам чыгаруучу тандаган жөнгө салуу моделине макул эместик жөнүндө жүйөлөр өзүнөн өзү конституциялык сот өндүрүшүнүн предметин түзбөйт.

2. Арызданууучу Критерийлерге карата талашылып жаткан эскертүүлөрдүн конституциялык эместигин алар, анын пикири боюнча, баңгизат каражаттарынын, психотроптук заттардын жана алардын аналогдорунун өлчөмүн таасир этүүчү заттын санын аныктабастан белгилөөгө жол берип, ошону менен кылмыш-жаза жоопкерчилигине өзүм билемдик менен тартуу, күнөөсүздүк презумпциясын, жоопкерчиликти жекелештирүүнү жана жазанын өлчөмдөштүгүн бузуу тобокелдигин жарата тургандыгы менен байланыштырат.

Көрсөтүлгөн жүйөлөр эксперттик изилдөөнүн сапатына, кылмыш иши боюнча далилдөөгө, техникалык критерийлерди административдик ишке ашырууга, ошондой эле тиешелүү жөнгө салууну андан ары өркүндөтүүнүн

мүмкүн болгон зарылдыгына тиешелүү бөлүгүндө көңүл буруууга арзыйт. Ошол эле учурда мындай маселелердин болушу талашылып жаткан Министрлер Кабинетинин токтомунда конституциялык укуктарды өз алдынча чектөө камтылганын же кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жаңы негиздери киргизилгенин өзүнөн өзү билдирбейт. Конституциялык сот өндүрүшүнүн максаттары үчүн тандалган моделдин абстракттуу талаштуулугу эмес, анда Конституцияга түздөн-түз карама-каршы келген ченемдик мазмундун бар же жок экендиги чечүүчү мааниге ээ.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин талашылып жаткан 2025-жылдын 26-мартындагы № 152 токтому аткаруу бийлигинин алгачкы жана өз алдынча ченемдик кароосу тартибинде эмес, мыйзамдык жөнгө салууну аткаруу үчүн кабыл алынган. «Баңгизат каражаттары, психотроптук заттар, алардын аналогдору жана прекурсорлору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282 жана 284-беренелерине эскертүүлөр Министрлер Кабинетинин кылмыш-жаза мыйзамын жана укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарды колдонуу үчүн мааниге ээ болгон контролдонуучу заттардын тизмектерин жана алардын өлчөмдөрүн аныктоо критерийлерин бекитүү ыйгарым укугун карайт.

Муну менен мыйзам чыгаруучу мыйзам алдындагы конкреттештирүүнүн предметин, максатын жана чектерин өзү аныктаган. Жосундун кылмыш-жаза укугуна каршы келүүсү, кылмыштын курамы, жазанын түрлөрү жана чектери Кылмыш-жаза кодекси менен белгиленет, ал эми талашылып жаткан Критерийлер көмөкчү, техникалык-конкреттештирүүчү функцияны аткарат: алар мыйзамдык конструкцияны укукту бирдей колдонуу үчүн зарыл болгон, колдонууга жарактуу сандык параметрлерге айландырат. Демек, талашылып жаткан токтом өз алдынча кылмыш-жаза жоопкерчилигинин булагы болуп

саналбайт жана адамды мыйзамдан тышкары жоопкерчиликке тартуунун конституциялык мааниге ээ шарттарын өзгөртпөйт.

Конституция мыйзам жөнгө салынуучу предметтин өзүнүн мүнөзүнө жараша бардык техникалык, химиялык, медициналык жана сандык параметрлерди толук камтый албаган чөйрөлөрдө мыйзам алдындагы жөнгө салууну жокко чыгарбайт. Тескерисинче, контролдонуучу заттардын тизмектери, алардын туунду аналогдору, препараттары, аралашмалары, өлчөмдөрдүн критерийлери жана аларды кошуу ыкмалары атайын, өзгөрмөлүү жана ыкчам жаңыртууну талап кылган маселелердин катарына кирет. Мындай маселелерди мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актынын деңгээлинде жайгаштырууга, эгерде ал мыйзамдын негизинде, берилген ыйгарым укуктардын чегинде кабыл алынса жана мыйзамда каралбаган чектөөлөрдү киргизбесе, жол берилет.

Талашылып жаткан жоболор дал ушундай жөнгө салуунун түрүнө кирет. Алар жаңы тыюуну белгилебейт, кылмыштын жаңы курамын түзбөйт, кылмыш-жаза мыйзамынын чегинен тышкары жазалануучу жосундардын чөйрөсүн кеңейтпейт жана айыптоо тарабын кылмыш иши үчүн мааниге ээ болгон жагдайларды далилдөө милдетинен бошотпойт. Алардын максаты белгиленген мамлекеттик контролдоо режимине киргизилген ар түрдүү контролдонуучу заттардын, препараттардын жана аралашмалардын өлчөмдөрү квалификациялоо максаттары үчүн кандайча аныкталууга тийиш экендигин ченемдик конкреттештирүүдө турат.

4. Каралып жаткан жөнгө салуунун атайын мүнөзү баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнүн жогорулатылган коомдук коркунучтуулугу, калктын өмүрүн жана ден соолугун коргоо зарылдыгы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын бул чөйрөдөгү эл аралык милдеттенмелери менен шартталган. Баңгизат каражаттарын жана

психотроптук заттарды контролдоо жөнүндө эл аралык келишимдер таза заттарды гана эмес, аларды камтыган препараттарды жана аралашмаларды да контролдоонун зарылдыгынан келип чыгат, ошондой эле мамлекеттерге калктын ден соолугун жана бакубаттуулугун коргоо үчүн зарыл болгон кыйла катаал чараларды кабыл алууга жол берет.

Муну эске алуу менен мамлекет баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнүн реалдуу формаларын, анын ичинде препараттардын, аралашмалардын, туундулардын жана аналогдордун жүгүртүлүшүн эске алууга мүмкүндүк берген контролдоо механизмин түзүүгө укуктуу экендиги конституциялык мааниге ээ. Бул чөйрөдө мыйзамдын деңгээлинде гана ашыкча деталдуу жөнгө салуу укук тутумунун жаңы заттардын жана аларды жайылтуу ыкмаларынын пайда болушуна өз убагында жооп берүү жөндөмүн начарлатышы мүмкүн. Ошондуктан түз мыйзамдык негиз болгон учурда мыйзам алдындагы конкреттештирүүгө жол берилет гана эмес, ал мыйзамды ишке ашыруу үчүн функционалдык жактан зарыл.

5. Критерийлерге карата эскертүүлөр кылмыштын объективдүү жагын аныктоо зарылдыгын жокко чыгарат жана ошону менен күнөөсүздүк презумпциясын бузат деген арыз ээсинин жүйөсү талашылып жаткан жөнгө салуунун мазмуну менен ырасталбайт. Күнөөсүздүк презумпциясы адамдын күнөөсү, кылмыш курамынын бардык белгилеринин болушу, далилдердин тиешелүүлүгү, жол берилүүчүлүгү жана жетиштүүлүгү кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тартибинде аныкталууга, ал эми далилдөө түйшүгү айыптоо тарабына жүктөлүүгө тийиш экендигин билдирет. Талашылып жаткан жоболор бул конституциялык жана процесстик талаптарды өзгөртпөйт.

Критерийлерде препараттардын айрым түрлөрү боюнча алардын курамындагы контролдонуучу заттын санын же экстракцияlануучу заттын массасын аныктоо талап кылынбай тургандыгы жөнүндө көрсөтмө тиешелүү

контролдоо объектисинин өлчөмүн аныктоонун ченемдик усулу тандалганын билдирет. Бул тергөө органдары жана сот контролдонуучу заттын бар экендигин, анын тизмектин тиешелүү позициясына кирерин, алынган объекттин препаратка, аралашмага же контролдоонун башка объектисине таандык экендигин, анын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнүн жагдайларын, күнөөнүн формасын, адамдын ролун жана кылмыш курамынын башка белгилерин аныктоо милдетинен бошотулат дегенди билдирбейт.

Демек, конкреттүү кылмыш ишинде тийиштүү соттук-химиялык экспертиза жүргүзүлгөнбү, алынган заттын касиеттери жетиштүү толук изилденгенби, Критерийлер туура колдонулганбы жана жосун туура квалификацияланганбы деген маселелер кылмыш-жаза куугунтуктоо органдарынын жана жалпы юрисдикциядагы соттордун компетенциясына кирет. Мындай маселелер мыйзамда каралган процесстик коргоо каражаттары, анын ичинде өтүнүчтөрдү берүү, далилдерди талашуу, кошумча же кайталап экспертизаларды дайындоо жана соттук чечимдерге даттануу аркылуу чечилет. Ченемдик мазмундун өзүндөгү кемчилик аныкталмайынча, алар конституциялык сот өндүрүшүнүн предметине айландырылышы мүмкүн эмес.

6. Талашылып жаткан Критерийлерди конкреттүү жагдайларда колдонуунун кесепеттеринин мүмкүн болгон өлчөмсүздүгү жөнүндө арыз ээсинин жүйөлөрү да өз алдынча конституциялык-укуктук маселени түзбөйт. Кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өлчөмдөштүгү заттын өлчөмүнүн техникалык критерийлери менен гана эмес, кылмыш-жаза-укуктук жана кылмыш-жаза-процесстик баалоонун бүтүндөй тутуму: иштин фактылык жагдайларын, күнөөнүн формасын, коомдук коркунучтуулуктун мүнөзүн жана даражасын, адамдын ролун, жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды аныктоо, ошондой эле мыйзамдын чегинде жазаны сот тарабынан жекелештирүү менен камсыз кылынат.

Эгерде арыз ээси ыйгарым укуктуу орган Критерийлерди бекитүүдө же колдонууда мыйзам менен берилген ыйгарым укуктардын чегинен чыгып кеткен, административдик жол-жобонун талаптарын бузган, конкреттүү сандык көрсөткүчтөрдүн жетиштүү илимий, эксперттик же жөнгө салуучулук негиздемесин камсыз кылбаган же мыйзам алдындагы актынын мыйзамга ылайык келбестигине жол берген деп эсептесе, мындай жүйөлөр административдик сот өндүрүшүнүн тартибинде текшерүүнүн предмети болушу мүмкүн. Дал административдик юстиция мыйзамдын чегинде коомдук администрациянын аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугун, компетенциянын, жол-жобонун сакталышын, административдик жөнгө салуунун жүйөлүүлүгүн жана өлчөмдөштүгүн баалоо үчүн арналган.

Конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети башка. Эгерде мыйзам алдындагы актынын ченемдик мазмунунан Конституцияга карама-каршылык келип чыкпаса, ал мындай актынын максатка ылайыктуулугун, илимий оптималдуулугун, эксперттик жетиштүүлүгүн же административдик негиздүүлүгүн өзүнчө текшербейт. Ошондуктан арыз ээсинин жүйөлөрү кылмыш-жаза, эксперттик же административдик талаш үчүн маанилүү болгон күндө да, конституциялык өндүрүштү ачуунун зарылдыгын күбөлөндүрбөйт.

7. Судьялар коллегиясы талашылып жаткан жоболордун конституциялуулугу жөнүндө маселени иш жүзүндө маңызы боюнча чечкен деген арыз ээсинин жүйөсү да негиздүү деп таанылышы мүмкүн эмес. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө маселени чечүүдө судьялар коллегиясы конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар же жок экендигин аныктоо үчүн зарыл болгон көлөмдө ченемдик жөнгө салууну изилдөөгө укуктуу. Мындай баа ишти маңызы боюнча кароого теңдеш эмес, ал кайрылуунун жол берилүүчүлүгү жөнүндө процесстик чечимдин жүйөлөөчү негизи болуп кызмат кылат.

Башкача түшүнүү кайрылууну кабыл алуу стадиясын өз алдынча маанисинен ажыратмак, анткени конституциялык эместик жөнүндө ырастоону камтыган ар бир кайрылуу ал чындыгында конституциялык деңгээлдеги маселени коюп жатабы же жокпу текшерилбестен өндүрүшкө кабыл алынууга тийиш болмок. Ошол эле учурда конституциялык юстиция ченемдик актыларды колдонууга байланыштуу келип чыккан бардык укуктук талаштарды эмес, конституциялык укук тартибинин негиздерин жана укуктар менен эркиндиктердин кепилдиктерин козгоого жөндөмдүү ченемдик мазмун талашылып жаткан иштерди гана кароого багытталган.

8. Судьялар коллегиясынын кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбестигине шилтеме кылуусунун негизсиздиги жөнүндө арыз ээсинин жүйөсү да кабыл алынышы мүмкүн эмес. Даттанылып жаткан аныктаманын мазмунунан баш тартууга кайрылуунун формалдуу кемчилигине механикалык шилтеме эмес, талашылып жаткан жоболордун Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселедеги аныксыздыктын тийиштүү укуктук негиздемеси жок деген тыянак негиз болгондугу көрүнүп турат. Арыз ээси келтирген жүйөлөр негизинен мамлекет тандаган мыйзам алдындагы конкреттештирүү моделине, аны иш жүзүндө колдонууга, эксперттик изилдөөлөрдүн мазмунуна жана конкреттүү кылмыш иши үчүн кесепеттерине тиешелүү.

Мындай жагдайларда судьялар коллегиясы кайрылууда талашылып жаткан ченемдик жөнгө салуунун конституциялуулугуна объективдүү күмөндүн бар экендигин ырастаган жетиштүү маалыматтар жок деп укук чегинде негиздүү түрдө таянган. Талашылып жаткан токтом мыйзамды аткаруу үчүн кабыл алынган, мыйзамдык тапшырманын чегинде колдонулат, өзүнүн мүнөзү боюнча мыйзам алдындагы конкреттештирүүгө тийиш болгон атайын

техникалык маселелерди жөнгө салат жана мыйзамдын чегинен чыккан өз алдынча чектөөчү чараларды камтыбайт.

Ошентип, Конституциялык сот даттануунун жүйөлөрү кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздер жок экендиги жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянактарын төгүндөбөйт деген тыянакка келди, тиешелүү түрдө, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 25-мартындагы аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Хусеин Буркуткалиевич Буркуткалиевдин кызыкчылыгын көздөгөн Акынбек Кубатбекович Ногоевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 25-мартындагы аныктамасына даттануусу канааттандырылусуз калтырылсын.

2. Ушул Токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**